УДК: 82

Сулайманова Н., К. Тыныстанов ат. ЫМУ

## АДАБИЯТТАГЫ КӨРКӨМ ОБРАЗ ТҮШҮНҮГҮ ЖӨНҮНДӨ

*Макала адабияттын жана эстетиканын маанилүү категориясы болгон «көркөм образ» түшүнүгү тууралуу маселеге арналган. «Көркөм образ» түшүнүгү кеңири жана тар мааниде колдонулуп жүргөнү белгилүү. Кеңири маанисинде көркөм образ искусствонун маңызын, спецификасын аныктап, чындыкты кайра чагылдыруунун жана кайра өзгөртүп түзүүнүн конкреттүү-сезимдик формасы болуп саналат. Тар маанисинде көркөм образ катары чыгармадагы каармандардын, демек, адамдардын образдарын түшүнөбүз. Кээде «көркөм образ» түшүнүгүнө чыгармада сүрөттөлгөн ар кыл предметтер жана кубулуштар да киргизилет. Бирок мындай учурларда белгилүү бир даражадагы шарттуулук болот.*

***Өзөктүү сөздөр**: адабият, искусство, образ, көркөм образ, категория, чагылдыруу, өзгөртүп түзүү, конкреттүү-сезимдик форма, адамдардын образдары, каармандын образы, образдардын типтери, автордук образ, жекече образ, типүү образ, архетип.*

Сулайманова Н., ИГУ им. К. Тыныстанова

## О ПОНЯТИИ ХУДОЖЕСТВЕННОГО ОБРАЗА В ЛИТЕРАТУРЕ

*Статья посвящена вопросу о понятии «художественный образ», который является важнейшей категорией в литературе и эстетике. Известно, что понятие «художественный образ» используется в широком и узком значениях. В широком значении, художественный образ определяет суть и специфику искусства, является конкретно-чувственной формой воспроизведения и преобразования действительности. В узком значении под художественым образом понимаем образы героев, действующих лиц произведения, следовательно, образы людей. Иногда в понятие «художественный образ» включаются также различные предметы или явления, изображенные в произведении. Но в таких случаях употребление этого термина предполагает некоторую степень условности.*

***Ключевые слова**: литература, искусство, образ, художественный образ, категория, изображение, конкретно-чувственная форма, образы людей, образ персонажа, типы образов, авторский образ, индивидуальный образ, типичный образ, архетип.*

*Sulaimanova N., K. Tynystanov Issyk-Kul State University*

## ON THE CONCEPT OF AN ARTISTIC IMAGE IN LITERATURE

*The article is devoted to the question of the concept of "artistic image", which is the most important category in literature and aesthetics. It is known that the concept of "artistic image" is used in broad and narrow meanings. In a broad sense, an artistic image defines the essence and specificity of art, is a concrete and sensual form of reproduction and transformation of reality. In a narrow sense, by an artistic image we understand the images of the heroes, the actors of the work, therefore, the images of people. Sometimes the concept of "artistic image" also includes various objects or phenomena depicted in the work. But in such cases, the use of this term implies a certain degree of conditionality.*

***Key words:** literature, art, image, artistic image, category, image, specifically sensual form, images of people, character image, types of images, author's image, individual image, typical image, archetype.*

Адабияттагы, адабият жөнүндөгү илимдеги негизги түшүнүктөрдүн бири болуп көркөм образ түшүнүгү эсептелери белгилүү. Бирок «көркөм образ» деген түшүнүк эки мааниде: кеңири жана тар мааниде каралып келе жатканын белгилей кетүү талапка

ылайык. Кеңири маанисинде алганда, көркөм образ жеке эле адабият эмес, жалпы эле эстетиканын маанилүү категориясы, түшүнүгү болуу менен, искусствонун маңызын, анын спецификасын аныктоочу роль ойнойт. Искусствонун өзү көп учурда образдар аркылуу жана образдар менен ойлонуу, ой жүгүртүү катары каралып жүргөнү да маалым. Ал абстракттуу же концептуалдуу жана логикалык ойлонууга каршы коюлуп келет. Адамзат алгач конкреттүү образдар аркылуу ойлонгону, ал эми абстракттуу ойлонуу кийин пайда болгону илимде белгилүү. Дж. Виконун пикиринде, акындар поэтикалык (образдуу) кепти мурдараак жаратышкан, ал эми анда туюндурулган маанини бир сөз аркылуу берүүдөн прозалык кеп келип чыккан. Мисалы, «каным кайнап турат» деген поэтикалык фразадан «ачуулануу» деген сөз жаралган [6]. Албетте, мындай пикирди абсолюттуу түрдө туура деп эсептөө талаш-тартышты жаратары шексиз. Бирок чындыкты образдуу чагылдыруу жана моделдөө, башкача айтканда, архаикалык ойлонуу бүгүн күндө деле көркөм чыгармачылыкта негизги орунда турары күмөнсүз. Тереңирээк талдап-андай келсек, чыгармачылыкта эле эмес. Образдуу ойлонуу, ой жүгүртүү адамдын дүйнөтуюмунун негизин түзүп, анда чындык образдуу-фантастикалык түрдө чагылдырылат. Башкача айтканда, ар бирибиз дүйнөнүн сүрөтүнө өз элес-туюмубуздун кайсы бир үлүшүн кошобуз. Бекеринен З. Фрейд баштаган психолог-окумуштуулар түш көрүүлөр менен көркөм чыгармалардын окшоштугун көрсөтүшпөсө керек [6].

Ошентип, көркөм образ деген чындыкты кайра чагылдыруунун жана кайра өзгөртүп түзүүнүн конкреттүү-сезимдик формасы десек болот. Образ реалдуулукту чагылдырып-туюндуруп берет, ошол эле учурда жаңы, ойдон чыгарылган дүйнөнү жаратат. Ал эми ошол ойдон чыгарылган дүйнөнү биз чындык, чыныгы эле дүйнө катары кабылдайбыз. Образ көп жүздүү жана көп курамдуу; ал субъективдүүнү объективдүү менен, маңыздыкты божомолдуу менен, жекеликти жалпылык менен, идеалдуунун реалдуу менен байланыштырып, болмуштун бул карама-каршы чөйрөлөрүн гармонияга келтирет [2: 252].

Демек, жалпы эле искусстводогу көркөм образ дегенди, жөнөкөйлөтүп айтканда, искусство предметинде жалпыланып, кайра түзүлгөн (чагылдырылган) каалаган кубулуш десек болот. Ал көрсөтмөлүү жана сезимдик мүнөздө, башкача айткнда, аны кабыл алууга болот, терең эмоциялык толгонууларды жарата алат. Образдын мындай өзгөчөлүктөрү кайдан келип чыгат? Сүрөткер турмуштагы көрүнүш-кубулуштарды жөн гана көчүрүп койбостон, аларды өзгөчө маани-маңызга ээ кылып, жекече ык-амалдардын жардамы менен аларды кыйла сыйымдуу, көлөмдүү түргө келтирет. Кандай түрдөгү болбосун көркөм чыгармачылык абдан субъективдүү мүнөздө болору белгилүү, ал автордун инсаны, анын кыялдануусунун, фантазиясынын, эрудициясынын даражасы жана тамашакөйлүк сезиминин негизинде кызыгуу жаратат. Искусстводогу, анын ичинде адабияттагы ачык-айкын, байкаларлык көркөм образ чыгармачылыктагы эркиндиктин аркасында жаралат, мында автордун көркөм ойдон чыгаруусуна чек коюлбай, аны туюндуруп берүүнүн чексиз мүмкүнчүлүктөрү, ыкмалары берилет.

Жалпы эле эстетикалык категория катары каралган көркөм образ өзгөчө түрдөгү чулу бүтүндүк болгону менен айырмаланат. Аны курамдык бөлүктөргө бөлүү мүмкүн эмес, ички жана сырткынын, жеке жана коомдуктун бөлүнгүс бүтүндүгү болуп саналат. Көркөм дүйнөнүн өзгөчөлүктүүлүгүн жана терендигин көрсөткөн жагдай болуп искусство чыгармаларында образдар катары жалаң гана адам эмес, табият, жансыз предметтер, жан-жаныбарлар, инсандын кулк-мүнөзүнүн айрым бир сапаттары жана касиеттери, а түгүл, өлкөлөр менен шаарлар да кызмат кылары эсептелет. Мисалы,

орустун белгилүү маринист-сүрөтчүсү И. Айвазовский деңиздин көрүнүшүн жылдын жана күндүн ар кайсы мезгилинде сүрөткө тартуу менен, абдан сыйымдуу көркөм образды түзө алган. Ал түстүн жана жарыктын өтө кылдат ньюанстары аркылуу деңиз пейзажынын кооздугун, өзүнүн сүрөткерлик дүйнөтуюмун гана көрсөтүп тим болбостон, көрүүчүнүн ой-кыялдарын, эмоциялык сезим-туюмдарын ойгото алган.

Искусствонун түрү катары адабияттын аспектисинен алганда, көркөм образ – адабий чыгармачылыктын борбордук же өзөктүү категориясы, ошондой эле символу. Ал турмушту өздөштүрүүнүн универсалдуу формасы катары каралат, ошол эле учурда ага жетүүнүн методу болуп да эсептелет. Көркөм образдар аркылуу коомдук ишмердүүлүк, конкреттүү тарыхый катаклизмдер, адам сезимдери жана мүнөз-сапаттары, рухий умтулуулары туюндурулат. Бул аспектиде көркөм образ өзү туюндурган кубулушту алмаштырып же анын мүнөздүү белгилерин жалпылап гана тим болбойт. Ал болмуштун реалдуу фактылары тууралуу баяндайт; аларды бүткүл көп түрдүүлүгү аркылуу аңдап-тааныйт; алардын маңызын ачыктап берет. Көркөм образ аркылуу болмуштун моделдери чагылдырылып, бейаң-сезимдик интуициялар менен элестер вербалдашат. Ал акыйкатка, чындыкка, баштапкы же башат-образга (мисалы, дүйнөнүн, жан дүйнөнүн, күндүн, Жараткандын ж.б.), гносеологиялык сыпатка ээ болот.

Ал эми көркөм образ түшүнүгүн тар мааниде алганда, адатта, чыгармадагы каармандардын, демек, адамдардын образдарын түшүнөбүз. Бул, негизинен, туура. Ошентсе да кээде «көркөм образ» түшүнүгүнө чыгармада сүрөттөлгөн ар кыл предметтер жана кубулуштар да киргизилет. Айрым изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, көркөм образды мынчалык кеңири түшүнүү жана колдонуу туура эмес. Мисалы, «ак кеменин образы» (Ч. Айтматов «Ак кеме»). Мындай учурда көркөм образдын өзү эмес, образдык деталь тууралуу айтуу алгылыктуу деген пикирдебиз. Ал эми Ж. Турусбековдун «Ажал ордуна» драмасындагы же Э. Турсуновдун «Ата Журт» романындагы «элдин образы» тууралуу сөз кылганда, түздөн-түз элдин образы эмес, эл идеясы, темасы же проблемасы жөнүндө айтуу туура. Жан-жаныбарларды сүрөттөө маселеси андан да татаалыраак болот. Маселен, Ч. Айтматовдун «Ак кемесиндеги» Мүйүздүү Бугу эне, «Гүлсараттагы» Гүлсары, «Кыяматындагы» Акбара менен Ташчайнар, «Кылым карытар бир күндөгү» Каранар, «Тоолор кулаганда» романындагы Жаабарс, Ө. Даникеевдин «Көкөй кестисиндеги» сур эчки ж.б. Буларда жаныбарлар өзөктүү, борбордук каармандардын бири катары көрсөтүлүп, алардын психологиясы жана дүйнөкөрүмү адамдын образы сыяктуу эле кылдат ачылып берилген. Бирок белгилеп коюучу нерсе: жаныбарлардын ички дүйнөсү адам психологиясына тиешелүү түшүнүктөр аркылуу мүнөздөлөт, демек, мындай образдарды толук бойдон жаныбардын образы деп кароо татаалыраак.

Ошондуктан «көркөм образ» түшүнүгүнө (тар маанисиндеги) адам-каармандардын образдарын гана киргизүү алгылыктуу деген пикирдебиз. Башка учурларда бул терминди «кеңири» аспектиде колдонууга жол берилгени менен, мында белгилүү бир даражадагы шарттуулук болот.

Бирок көркөм образды адамдын чагылдырылышы, сүрөттөлүшү катары гана карoo жетишсиз. Ал – адам турмушунун сүрөтү, анын борборунда адам туруп, ошол адамды курчап тургандын бардыгы камтылат. Анткени бир дагы көркөм чыгармада бир дагы каарман-образ башка адамдардан таптакыр обочолонуп, өзүнчө турган түрдө сүрөттөлбөйт. Көркөм образ сезимдик жана рационалдык формаларга ээ болушу мүмкүн; ал ойдон чыгарылган болушу да, фактографиялык болушу да ыктымал. Ал

бүтүндүн формасында да, анын бөлүктөрүнүн формасында да объективдешүү касиетине ээ болот. Демек, образдан сырткары, образсыз чындыкты чагылдырууга да болбойт, образсыз кыял да, таанып-билүү да, чыгармачылык да жок.

Адабияттаануудa образга болмуштун толук акыйкатына жетүүгө жөндөмдүү жандуу жана бүтүн организм катары мамиле кылуу кабыл алынган. Чет элдик, асыресе, батыш адабияттаануусунан айырмаланып, мурунку советтик жана андан тамыр алган кыргыз адабияттаанусунда «образ» түшүнүгүнүн өзү эле «образдуу», көп маанилүү болуу менен, колдонуунун дифференцияланган чөйрөлөрүнө ээ. Биздеги «образ» түшүнүгүнүн маанилеринин көптүгү англис тилдүү адабияттаануулардагы symbol, copy, fiction, figure, icon терминдери менен салыштыруудан айкын болот [2: 256].

Адабий туундунун структурасынын аспектисинен алганда, көркөм образ – анын формасынын маанилүү элементи. Образ катары эстетикалык обьектинин тулкусундагы «оймо-чийме», көркөм механизмдин «дөңгөлөгү» эсептелет, ансыз окуянын өнүгүшү, маани-маңызды түшүнүү мүмкүн эмес. Адабияттын негизги бирдиги катары көркөм чыгарма эсептелсе, көркөм образ – көркөм-адабий туундунун (чыгарманын) негизги бирдиги. Көркөм образдар аркылуу чагылдырылып жатка объект моделденет. Автордун ою образдар аркылуу туюндурулуп, башкы, жалпылоочу идея ишке ашырылат. Алсак, Ч. Айтматовдун «Жамила» повестинде чыгармадагы башкы теманын бири болгон сүйүү темасы август түнүндөгү обондун образы аркылуу туюндурулган. Даниярдын эч кимдикине окшобогон обону анын Жамилага болгон терең сезимин ачып берди. Повесттеги Садыктын каттары, чоң кап, арабалар, райборборго эгин ташыган жол, август түнү, Сейиттин сүрөтү – бардыгы көркөм образ болуп саналат. Мында бөлүп көрсөтүлгөн көркөм образдар: Садыктын каттары, арабалар, райборборго эгин ташыган жол, чоң кап, обон, август түнү, Сейиттин сүрөтү – повесттин формасынын маанилүү деталдары. Ч. Айтматовдун чыгармасы алар аркылуу «жашайт».

Келип чыгышы жагынан көркөм образдар эки чоң топко ажырары белгилүү: автордук көркөм образдар жана салттуу көркөм образдар.

Аталышынан эле байкалып тургандай, автордук көркөм образдар автордун чыгармачылык лабораториясында конкреттүү бир учурда, зарылдыктан улам пайда болот. Алар калемгердин дүйнөнү субъективдүү көрүмүнөн, сүрөттөлүп жаткан окуяларга, кубулуштарга жана/же фактыларга жекече баа берүүсүнөн өсүп чыгат. Автордук образдар конкреттүү, эмоционалдуу жана жекече мүнөздө болот. Алар өздөрүнүн реалдуу, адамдык табияты менен окурманга жакын. Кайсы бир чыгарманы окугандан кийин ар бирибиз: «Ооба (чын эле), мен да ушундайды башыман өткөргөм (көргөм, күбө болгом, жон терим менен сезгем ж.б.)», - деп айтышыбыз мүмкүн. Ошол эле учурда автордук образдар онтологиялык сыпатка ээ, башкача айтканда, болмуш менен ажырагыс байланышка ээ болуп, андан өсүп чыгышат; типтүү жана ага байланыштуу, дайыма актуалдуу болушат. Бир жагынан, мындай образдар өлкөлөрдүн жана эл(дер)дин тарыхтарын өзүнө сиңирип, коомдук-саясий катаклизмдерди көрсөтсө, экинчи жагынан, адамзаттын эс-тутумунда болмуштун реалдуу моделдери катары сакталып калган кайталангыс көркөм типтердин галереясын түзүшөт. Маселен, «Манас» дастанындагы Манас баатырдын же «Эр Табылды» дастанындагы Эр Табылдынын образдарында өз эли-жеринин азаттыгы, башкалардан көз карандысыздыгы жана биримдиги, бүтүндүгү үчүн күрөшкөн баатыр, эл башчы жана башкаруучунун рухий жолу моделдештирсе, Ч. Айтматовдун «Тоолор кулаганда» романындагы Арсен Саманчин коомдогу өзгөрүлгөн социалдык-маданий шарттарды кабыл албаган, коомго,

маданиятка, адамдарга, кесибине карата өз принциптеринен тайгысы келбеген «консервативдүү» каарман катары көрсөтүлгөн. Ал эми Т. Касымбековдун «Сынган кылычындагы» Абил бийдин образы бийлик, байлык, мансап, өз кызыкчылыгы үчүн эч нерседен кайра тартпаган, укмуштай амалкөй жана көп жүздүү адамдын образын чагылдырат.

Ал эми салттуу образдар дүйнөлүк маданияттын казынасынан алынат. Алар адамзаттын турмуштун ар кыл (диний, философиялык, социалдык ж.б.) чөйрөлөрүндөгү коллективдүү тажрыйбасынын түбөлүк акыйкаттарын чгылдырып көрсөтөт. Салттуу образдар статикалуу, туюк (жабык) болот, ошондуктан универсалдуу мүнөз күтүшөт. Аларды акын-жазуучулар, адатта, трасценденттикти жана трансубъективдүүнү туюндуруу максатында колдонушат. Салттуу образдардын башкы максаты – окурмандын аң-сезимин түп-тамырынан бери рухий-ахлактык кайра куруу. Бул үчүн көптөгөн архетиптер жана символдор колдонулат.

Жалпылаштыруу мүнөзү боюнча көркөм образдар жекече же индивидуалдуу, мүнөздүк, типтүү, мотив-образдар, топостор жана архетиптер болуп бөлүнөрү белгилүү.

Жекече же индивидуалдуу образдар өз алдынчалыгы, кайталангыстыгы менен мүнөздөлөт. Алар, адатта, калемгердин кыялынын, ойдон чыгаруусунун жемиши катары каралышат. Жекече образдар көбүнесе романтик-жазуучуларда жана фантаст-жазуучуларда кезигет. Мисалы, Ч. Айтматовдун «Касандра тамгасындагы» кечил Филофейдин, жазуучу М. Гапаровдун «Экөө ээн бакта» чыгармасындагы Актаң менен Акшамдын образдарын алсак болот. Ал эми дүйнөлүк адабиятта мындай образдарга В. Гюгонун Квазимодосун («Собор Парижской Богоматери»), М. Лермонтовдун Демонун («Демон»), М. Булгаковдун Воландын («Мастер и Маргарита») киргизүүгө болот.

Мүнөздүк образ индивидуалдуу же жекече образдан айырмаланып, жалпылоочу мүнөзгө ээ. Анда белгилүү бир доордун жана анын коомдук чөйрөлөрүнүн көпчүлүк өкүлдөрүнө мүнөздүү болгон мүнөз, сапат, касиеттер орун алат. Мисалы, Ч. Айтматовдун «Тоолор кулаганда» романындагы Эрташ Курчал же Бектурдун, «Кылым карытар бир күнүндөгү» Эдигейдин, Тансыкбаевдин образдары, Э. Турсуновдун «Ата Журтундагы» көпчүлүк образдар.

Типтүү образ мүнөздүк образдын жогорку даражасы болуп эсептелет. Типтүү дегенибиз – белгилүү бир доор үчүн бир кыйла үлгү болуучу деген. Типтүү образдарды чагылдыруу реалисттик адабияттын башкы максатын жана жетишкендигин түзөт. Мисалы, Т. Сыдыкбековдун Ыманбайын, Ч. Айтматовдун «Кыяматындагы» Базарбайдын же анын аялы Көк Турсундун, Т. Касымбековдун «Сынган кылычындагы» Бекназардын, Сарыбайдын же Абил бийдин, Э. Турсуновдун «Ата Журтундагы» Телгаранын же Батыркандын образдарын типтүү образдарга киргизе алабыз. Дүйнөлүк адабиятта Оноре де Бальзактын Гобсеги, Г. Флобердин Бовари айымы, Л. Толстойдун Анна Каренинасы – ушундай образдар. Кээде көркөм образда доордун социалдык-тарыхый белгилери да, тигил же бул каармандын кулк-мүнөзүнүн жалпы адамзаттык сапаттары да берилиши мүмкүн. Мисалы, «Гүлсараттагы» Танабайдын же «Кыяматтагы» Авдий Каллистратовдун, Бостондун образдары.

Мотив-образдар жана топостор жекече каарман-образдардын алкагынан чыгат. Мотив-образ – тигил же бул калемгердин чыгармачылыгында туруктуу түрдө кайталанган тема, ал кыйла маанилүү элементтерин вариациялоо аркылуу түрдүү аспектилерде туюндурулат. Мисалы, Т. Кожомбердиевдин чыгармаларындагы «эне», О.

Султановдун сүйүү лирикасындагы «Сен», Ш. Дүйшеевдин чыгармачылыгындагы «кыргыз айылы», «элет» ж.б.

Ал эми топос (грекче topos – орун, кайсы бир жер, түз маанисинде – жалпы орун, жай) кайсы бир автордун эмес, бүтүндөй доордун, улуттун, элдин адабиятында жаралган жалпы жана типтүү образдарды билдирет. Маселен, кыргыз адабиятында топостун мисалы катары баатырдык эпостордогу элдик баатырлардын же «Манастагы» Бакайдын образын көрсөтүүгө болот. Ал эми орус адабиятында «кичинекей адамдын» образы А. Пушкин, Н. Гоголдон тартып М. Зощенко, А. Платонов ж.б. чыгармачылыгында орун алган.

Акыркы учурларда адабияттаануу илиминде, тил илиминде, когнитивдик илимде «архетип» (грек. arc he – башталыш, башталма жана typos – образ) түшүнүгү кеңири колдонулуп жүрөт. Бул термин алгач ирет XIX кылымдын башында немис романтиктеринин эмгектеринде кезиккен, ошентсе да илим-билимдин ар кыл тармактарында швейцариялык психолог К. Юнгдун эмгектеринен кийин активдүү түрдө колдонула баштаган. К. Юнг архетипти муундан муунга бейаң-сезимдик түрдө берилген жалпы адамзаттык образ катары түшүнгөн жана түшүндүргөн. Негизинен, архетип катары мифологиялык образдар эсептелип жүрөт. Ошол эле Юнгдун пикири боюнча, мифологиялык образдар же архетиптер улутуна, билимине ж.б. карабастан, адамдын бейаң-сезиминде орун алат. Мындай образдар гениалдуу калемгерлердин да бейаң-сезиминде жашап, алар чыгармачылык дараметинин аркасында архетиптерди репродукциялашат. Белгилей кетүүчү нерсе, репродукция жөн гана көчүрмө болбойт, ал жаңы, заманга ылайык келген мазмун менен толтурулат.

Адабияттаанууда архетип түшүнүгүнө жакын турган мифологема түшүнүгү да бар. Ал архетип сыяктуу эле мифологиялык образдарды туюндуруу үчүн колдонулат, ошондой эле ал образдан сырткары мифологиялык сюжеттерди же алардын бөлүктөрүн да камтыйт.

Адабияттаанууда образ менен символдун карым-катышына да олуттуу көңүл бурулуп жүрөт. Бул маселе орто кылымдардан бери эле, тактап айтканда, XIII кылымда жашаган Фома Аквинскийден бери эле коюлуп келе жатат. Анын пикиринде, көркөм образ көрүнүп-байкалып турган дүйнөнү эмес, сезүү органдары аркылуу кабыл алууга мүмкүн болбогонду чагылдырып берүүгө тийиш. Муну менен образ символго айланып кеткен. Фома Аквинскийдин кабылдоосунда, символ жаратылгандык, кудайдык маңызды туюндурушу керек. Кийинчерээк, XIX–XX кылымдагы символист-акындардын чыгармачылыгында символ кадимки эле пенделик мазмунга ээ болгон [2: 254]. Чындыгында, көркөм образ предметтик, сезимдик реалдуулуктан бөлүнүп турбаш керек. Маселен, Шекспирдин чыгармаларындагы аты жок кара тору аялзаты, А. Блоктун чыгармачылыгындагы Бейтааныш асылзаада аял, же Ч. Айтматовдун Түбөлүк колуктусу – символдун жана ошол эле учурда толук кандуу жандуу образдын үлгүлөрү, алар предметтик реалдуулук менен эң сонун жуурулушкан.

Искусствону «образдар аркылуу ой жүгүртүү» катары караган аныктамалар көркөм образдын маңызы менен функцияларын бир топ жөнөкөйлөтүп бергендей сезилет. Ошондой эле образды «иконалык белги» (семиотиканын алкагында, структурализмде) катары аныктамалар тууралуу да ушуну айтууга болот. Чындыгында, образ аркылуу ой жүгүртүп эле тим болбойбуз, образ аркылуу сезип-туябыз, образдын жардамы менен чындыкты чагылдырып эле чектелбейбиз, өзгөчө эстетикалык дүйнөнү да жаратабыз, демек, реалдуу дүйнөнү өзгөртөбүз [6].

Көркөм образдын функциялары көп санда, көп түрдүү жана маанилүү. Аларга эстетикалык, таанып-билүүчүлүк, тарбиялык, коммуникативдик ж.б. функцияларды киргизүүгө болот [4]. Кээде таланттуу сүрөткер жараткан көркөм образ турмуштун өзүнө таасир тийгизиши мүмкүн. Маселен, дүйнөлүк адабият тарыхынан белгилүү болгондой, Гётенин Вертерин туурап, көптөгөн жаш адамдар өз жандарын өздөрү кыйган. А. Гайдардын «Тимур жана анын командасы» повестинин каармандарын туурап, өз мезгилинде советтик миндеген окуучулар кары-картаңдарга, оору же алсыз адамдарга жардамга келишкени маалым.

Көркөм образдын структурасы бир эле мезгилде консервативдүү да, өзгөрмөлүү да. Бардык эле көркөм образдар өзүндө автордун реалдуу элес-таасирлерин да, ойдон чыгаруу, кыялды да камтыйт. Айта кетүүчү нерсе, искусствонун өнүгүү даражасына жараша алардын карым-катышы өзгөрүлүп жүрүп отурат. Дүйнөлүк адабияттын тарыхына көз жүгүртсөк, Кайра жаралуу доорундагы адабияттын каармандарынын образдарында алдыңкы планга каармандардын укмуштай (титандык десек да болот) дилгирленүү, кумардануулары коюлса, Агартуу доорунда чагылдыруу объектиси катары, негизинен, «табигый» адам жана рационализм алынат, ал эми кийинки кылымдардагы реалисттик адабиятта чындыкты бардык жагынан сүрөттөө, адам натурасынын карама-каршылыктуулугун ачып берүү ж.б. маселелер калемгерлердин максатына айланган.

Образдын тарыхый тагдыры тууралуу айтсак, байыркы, көөнө образдык ой жүгүртүү бүгүнкү күндөгү образдык ой жүгүртүүдөн айырмаланат деген туура эмес болуп калат. Ырас, ар бир доордо мурдагы образдарды жаңыча «окуу» жана доорго ылайык образдарды түзүү талабы орун аларын танууга болбойт. Образ ар бир доорго жараша белгилүү бир фактыларга, тенденцияларга, идеяларга проекциялануу менен, чындыкты чагылдыруу жана өзгөртүү кызматын тексттен сырткаркы алкакта – окурмандардын акыл-эсинде жана турмушунда – аткара берет.

Демек, жогоруда айтылгандардан байкалгандай, образ, көркөм образ – абдан көп кырлуу жана татаал категория, ал адабияттаанууда, философияда гана эмес, мифологияда, антропологияда, лингвистикада, психологияда, тарыхта ж.б. илимдерде изилдеп-үйрөнүүгө алынат. Андыктан анын аныктамалары жана ага арналган эмгектер өтө көп санда жана түрдүү аспектиде экени шексиз.

**Адабияттар:**


1. Беляев Н. И. Образ человека в изобразительном искусстве: индивидуальное и типичное // Вестник Оренбургского государственного университета. - 2007. - № 7. - С. 175-179.
2. Большая советская энциклопедия : [в 30 т.] / гл. ред. А. М. Прохоров. - 3-е изд. - М.: Советская энциклопедия, 1969-1978.
3. Литературный энциклопедический словарь. -Москва, 1987.
4. Нечкина М. В. Функция художественного образа в историческом процессе. –Москва, 1982.
5. Романова С. И. Художественный образ в пространстве семиотических отношений. // Вестник МГУ. Серия 7. Философия. 2008. № 6. С.28-38. (www.sromaart.ru)
6. Тамарченко Н. Д. Теоретическая поэтика: понятия и определения. -Москва, 2015.